# Жалпы билим берүүчү уюмунун директору

## 1. Кызматтык милдеттери:

- жалпы билим берүүчү уюмунун окутуу-тарбиялоо процессинин бардык багыттарындагы жана бардык этаптарындагы перспективдүү жана күнүмдүк ишин пландаштырууну уюштурат;

- жалпы билим берүүчү уюмунун өнүгүшүнүн негизги багыттарынын иштелип чыгышын уюштурат жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт;

- жалпы билим берүүчү уюмунун кызыкчылыктарын жана укуктарын мамлекеттик жана коомдук уюмдарда сунуштайт жана коргойт;

- педагогикалык кенештин жана мектеп китепканасынын иштерин жетектейт;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын, «Манас» эпосунда, ошондой эле кыргыз жана республикада жашаган башка улуттардын жакшы каада-салттарында аныкталган негизги принциптерди окутуу боюнча иштерин көзөмөлдөйт;

- окуу планынын мектептик компонентин бекитип, атчарылышын көзөмөлдөйт;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарын, окуу планын жана жалпы билим берүү программаларынын аткарылышын, окуучулардын билим сапатын, окутуу-тарбиялоо иштеринин мазмунун жана үзүрлүгүн көзөмөлдөйт;

-окутуу-тарбиялоо ишине жаңы технологияларды киргизүү боюнча иштерин уюштурат;

-бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын жана окуучулардын которуу сыноолорун уюштуруп, өткөрүлүшүн көзөмөлдөйт;

- педагогикалык кызматкерлерди жана техникалык персоналды кабыл алып, жайгаштырат;

- бекитилген дасыктык мүнөздөмөлөрүн жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жалпы билим берүүчү уюмдарынын кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт;

- жалпы билим берүүчү уюмунун педагогикалык персоналын үзүрлүү иштөөгө, алардын чыгармачылык жана илимий-теоретикалык өсүшүнө, педагогикалык эксперименттерди жүргүзүүгө, кесиптик чеберчилигин жогорулатууа жана кайра даярдоодон өтүүгө шарттарды түзөт;

- педагогикалык кызматкерлеринин аттестациялоосун даярдоого жана өткөрүүгө жардам көрсөтөт;

- ишинде өзгөчө көрсөткүчтөргө жетишкен педагогикалык кызматкерлерди сыйлыктарга көрсөтөт, өзүнүн компетенциясынын чегинде жазаларды колдонот;

Scanned by TapScanner

- мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтеринин (негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүгү, орто жалпы билими жөнүндө аттестаты) сактоону жана тапшырууну ошондой эле бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырыла турган маалыматтын ишенимдүүлүгүн камсыз кылат;

- балалыкты коргоо, окуучулардын жана педагогика-жамаатынын укуктарын жана кызыкчылыктарын боюнча талаптарын тутууну көзөмөлдөйт жана персоналдык жоопкерчилигин тартат;

- окуучулардын өзүн-өзү башкарууларынын жана балдар уюмдарынын түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө көмөктөшүп, жардам көрсөтөт;

- жалпы билим берүүчү уюмдарынын каржылык-чарбачылык ишкердүүлүгү үчүн жооп тартат;

- жалпы билим берүүчү уюмунун бюджеттик каражаттарын жана башка булактардан түшкөн каражаттарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылат, жаңы каржылоо булактарын тартып, киреше алып келүүчү ишкердүүлүктү уюштурат;

- окуучулардын кесиптик багыт алуу жана жайкы эс алууда ден соолуктарын чыңдоо иштерин, ошондой эле жатак түрүндөгү мектептерде жашоонун жана тамактануунун тийиштүү турмуш-тиричилигин тейлөөнү уюштурат;

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүүчү уюмунун мүлкүн жана башка каражаттарын тескейт;

- жалпы билим берүүчү уюмунун окутуу-материалдык-техникалык базасын эсепке алууну, сактоону жана толуктоону камсыз кылып, жооп тартат, аны окутуу-тарбиялоо процессинде үзүрлүү жана педагогикалык жактан аныкталгандай колдонот;

- ички эмгек тартибин, санитардык гигиеналык түзүлүшүнүн, техникалык коопсуздугунун жана өрткө каршы сактануунун эрежелерин тутууга, персоналдын жана окуучулардын эмгегин коргоого жооп тартат;

- жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын каржылоосу менен жалпы билим берүүчү уюмун капиталдык жана учурдук оңдоодон өткөрүлүшүн көзөмөлдөйт;

- жалпы билим берүүчү уюмуна көмөк көрсөтүүчү ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр), коомчулук жана мекемелер менен иштөөнү уюштурат;

- мектептик документацияны жана иш кагаздарын туура жүргүзүүнү камсыз кылат.

Scanned by TapScanner

2. **Билиш керек:**

-Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын;

-Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарын;

-Кыргыз Республикасынын эмгек кодексин; Билим беруу министрлигинин, жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын окуучуларга билим берүү жана тарбиялоо боюнча ченемдик укуктук документтерин;

- Педагогиканы жана педагогикалык психологияны; балдардын социологиясынын, физиологиясынын жана гигиенасынын негиздерин;

-Дүйнөлүк жана ата-мекендик педагогикалык илимдин жана тажрыйбанын жетишкендиктерин;

-Билим берүүнү башкаруунун жана каржылоонун негиздерин;

- Мамлекеттик институттарынын, коомдук уюмдарынын окуучуларга билим берүү жана тарбиялоо боюнча милдеттерин жана укуктарын;

-Балдардын укуктары жөнүндө конвенцияны;

-Педагогикалык жүрүм-турумдун ченемдерин;

-Техникалык коопсуздуктун жана өрткө каршы сактануунун эрежелерин.

3. **Коюлуучу талаптар:**

**Жогорку педагогикалык билими, педагогикалык кызмат орунда беш жылдан кем эмес иштеген стажы, анын ичинен окутуу-тарбиялоо иштери боюнча директордун орун басары катары.**

**Жалпы билим берүүчү уюмунун директору болуп 30 жаштан кем эмес жана баарaкы жашынан өтпөгөн Кыргыз Республикасынын жараны дайындалат. Директордун кызматтык ордуна дайындалууга соттолгон же көрсөтүлгөн дасыктык талаптарга ылайык келбеген адамдарга жол берилбейт.**

Scanned by TapScanner